**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**
**"Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ" ИЛИМИЙ-БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**
**ЭКОНОМИКА ЖАНА УКУК КОЛЛЕДЖИ**

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар Кеңешинде
каралды, протокол № 1
1. 09. 2025-ж.

**БЕКИТЕМ**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору, тех.и.д., профессор
_______ К.Ж.Усенов
1 09 2025-ж.

# ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

Адистиги: **040101 Социалдык иш**

Квалификация: **Социалдык кызматкер**

Окуу формасы: **Күндүзгү, сырттан**

Жалал-Абад шаары 2025-ж.

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы (ОКББ НББП) 040101 Социалдык иш адистиги боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан.
ОКББ НББП Социалдык иш ПЦКсынын жыйынында каралган (протокол №_1_ 28.08 2025) жана Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан бекитилген (протокол №1_ 1.09 2025).

**Төрайым**

Жалал-Абад шаардык эмгек, социалдык камсыздоо

жана миграция башкармалыгынын башчысы ____________ Жакыпова Н.А.

**Орун басары**

Социалдык иш ПЦКсынын башчысы ____________ Сатымкулова Н.Н.

**Мүчөлөрү**

Жалал-Абад шаардык социалдык фонд

башкармалыгынын башчысы ____________ Шамиева Э.К.

Сузак райондук эмгек, социалдык камсыздоо

жана миграция башкармалыгынын башчысы ____________ Мам[illegible]ов Ө.А.

Социалдык иш ПЦКсынын окутуучусу ____________ Анарбай к А.

**Катчы**

Социалдык иш ПЦКсынын окутуучусу ____________ Молдомиров Э.Т.

## МАЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| **1.** | **Орто кесиптик билим берүү программасынын жалпы жоболору** | **4** |
| 1.1. | Негизги билим берүү программасы (аныктамасы) | 4 |
| 1.2. | НББП иштеп чыгууда колдонулуучу нормативдик документтер | 4 |
| 1.3. | Терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартмалар | 6 |
| **2.** | **Колдонуу чөйрөсү** | **7** |
| **3.** | **ОКББ НББПнын жалпы мүнөздөмөсү** | **7** |
| 3.1. | ОКББ НББПнын максаты (миссиясы) | 7 |
| 3.2 | Күтүлүүчү окуу натыйжалары | 9 |
| 3.3. | НББП өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү | 11 |
| 3.4. | НББП өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу | 12 |
| 3.5. | НББПнын бүтүрүүчүсүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү | 12 |
| 3.6. | ОКББ НББП өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптануучу бүтүрүүчүнүн компетенциялары | 13 |
| **4.** | **НББП ишке ашыруу шарттарына коюлган талаптар** | **17** |
| 4.1. | НББП ишке ашырууда ЖАМУнун алдындагы Экономика жана укук колледжинин укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар | 17 |
| 4.2. | НББП ишке ашырууда студенттин укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар | 18 |
| 4.3. | Орто кесиптик билим берүү адисин даярдоо боюнча НББПнын түзүлүшүнө коюлган талаптар | 19 |
| 4.4. | Окуу процессин кадрдык жактан камсыздоо | 19 |
| 4.5 | Окуу процессин окуу-методикалык жана маалыматтык жактан камсыздоо | 19 |
| 4.6. | Окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоо | 21 |
| 4.7. | Бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгынын сапатын баалоо | 21 |
| 4.8. | Практиканы өткөрүү шарттарына коюлган жалпы талаптар | 22 |
| 4.9. | Билим берүү технологияларын изилдөө боюнча сунуштар | 26 |
| **5.** | **НББП ишке ашырууда билим берүү процессинин мазмунун жана уюштурулушун жөнгө салуучу документтер** | **27** |
| **6.** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптар** | **28** |
| **7.** | **Билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттары** | **31** |
| 7.1. | Академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу | 31 |
| 7.2. | Профессордук-окутуучулук курамды жана кызматкерлерди өнүктүрүү максатында | 31 |
| 7.3. | Жалпы талаптар | 32 |
| | Тиркеме 1 | **32** |
| | Тиркеме 2 | **60** |
| | Тиркеме 3 | **61** |
| | Тиркеме 4 | **71** |
| | Тиркеме 5 | **75** |
| | Тиркеме 6 | **78** |
| | Тиркеме 7 | **84** |

## I. Орто кесиптик билим берүү программасынын жалпы жоболору

### 1.1. Негизги билим берүү программасы

“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин (мындан ары, Б. Осмонов атындагы ЖАМУ) Экономика жана укук колледжинин (мындан ары, ЭУК) 040101 – “Социалдык иш” адистиги боюнча иштелип чыккан негизги билим берүү программасы – бул окуу-методикалык документтер системасы, регионалдык эмгек рыногу жана мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын эске алуу менен университет тарабынан бекитилген.

Бул программа окуунун максаттарын, күтүлгөн натыйжаларын, мазмунун, шарттарын жана технологияларын, ошондой эле бүтүрүүчүнүн даярдыгын баалоо механизмин белгилейт.

Программа төмөнкүлөрдү камтыйт:

а) окуу планын
б) иш планын;
в) НББПнын компетенция картасын;
г) негизги дисциплиналар программаларынын аннотациясын;
д) жогорку окуу жай компоненти жана тандалма курстар программаларынын аннотациясын;
е) өндүрүштүк практика программаларынын аннотациясын;
ж) акыркы мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптарды.

### 1.2. НББП иштеп чыгууда колдонулуучу нормативдик документтер

1. “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы / 2023-жылдын 11-августу № 179 (КР 2025-жылдын 14-октябрындагы № 210 Мыйзамынын редакциясына ылайык).
2. “Жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү укуктук-ченемдик актыларды бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Токтому / 2025-жылдын 10-июну № 329.
3. “Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын ишмердигин жөнгө салуучу укуктук-ченемдик актыларды бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Токтому / 2024-жылдын 27-сентябры № 590.
4. “Кыргыз Республикасындагы башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Токтому / 2024-жылдын 8-июлу № 371.
5. “Жогорку жана орто кесиптик билим берүү тармагындагы айрым маселелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Токтому / 2024-жылдын 22-майы № 258.
6. “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 токтомун ишке ашыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Буйругу / 2024-жылдын 4-сентябры № 1371/1.
7. Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Буйругу менен бекитилди / 2022-жылдын 10-майы № 863/1
8. Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында академиялык кредиттерди колдонуу менен окуу процессин уюштуруу тууралуу жобо.
9. Кыргыз Республикасындагы жогорку жана аспирантуралык кесиптик билим берүү уюмдары жөнүндө жобо.
10. Кыргыз Республикасындагы жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары жөнүндө жобо.

11. Кыргыз Республикасындагы жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын факультети жана кафедрасы жөнүндө жобо.

12. **ЖАМУ нормативдик-укуктук документтери:**

- Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Уставы.
- Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн кредиттик технологиясы боюнча окуу процессин уюштуруу жөнүндө жобо.
- Дисциплина (модуль) боюнча жумушчу программа тууралуу жобо.
- Дисциплина боюнча силлабус тууралуу жобо.
- ЖАМУнун "Окуу-усулдук комплекси (ОУК) тууралуу жобо".
- ЖАМУнун "Практикаларды өткөрүү жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Жогорку кесиптик билим берүү бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүү тартиби жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Студенттердин учурдагы көзөмөлүн жана аралык аттестациясын өткөрүү тартиби жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Факультеттин окуу-усулдук кеңеши жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Баалоо каражаттарынын фондун түзүү тартиби жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Билим берүү программаларынын рейтинги жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларынын ички аккредитациясы жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Студенттердин учурдагы экзамендерин жана аралык аттестациясын өткөрүү тартиби жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Сапатты башкаруу системасы жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Дисциплинанын жумушчу программасы жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Окуу-усулдук комплекс тууралуу жобо".
- ЖАМУнун "Академиялык мобилдүүлүк жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Жайкы семестрди уюштуруу тууралуу жобо".
- ЖАМУнун "Ички тартип эрежелери".
- ЖАМУнун "Билим берүүнүн сапаты жаатындагы саясат жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Тарбиялык иш жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Студенттерди которуу, окуудан чыгару жана калыбына келтирүү тартиби жөнүндө жобо".
- Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окуу топторунун кураторлору жөнүндө жобо.
- ЖАМУнун "Элективдүү дисциплиналарды тандоо жана өздөштүрүү тартиби жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун "Студенттердин учурдагы көзөмөлүн жана аралык аттестациясын өткөрүү тартиби жөнүндө жобо".
- ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өткөрүү тартиби тууралуу жобо.

### 1.3. Терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартмалар

### 1.3.1. Терминдер жана аныктамалар

- ***негизги кесиптик билим берүү программасы (НББП)*** – белгиленген адистик боюнча окуу процесстин максаттарын, күтүлгөн натыйжаларын, мазмунун жана уюштурулушун жөнгө салуучу окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- ***дисциплиналар цикли (ДЦ)*** – белгиленген окуу максаттары жана натыйжалары менен логикалык бүтүндүк түзгөн дисциплиналар жыйындысы;
- ***модуль*** – окуу дисциплинасындагы логикалык бүтүндүк түзгөн бөлүк;
- ***кредит (өтүмдүк бирдик)*** – негизги кесиптик билим берүү программасынын жумуштук көлөмүнүн шарттуу өлчөмү;
- ***компетенция*** – кесиптик ишмердүүлүк үчүн керектүү жеке сапаттар, билимдер, көндүмдөрдүн динамикалык жыйындысы;
- ***компетенттүүлүк*** – компетенциялардын белгилүү түрдөгү ишмердүүлүктө актуалдаштырылган комплекси;
- ***компетенттүүлүккө негизделген ыкма*** – окуу максаттарын, мазмунун, процессин жана натыйжаларын компетенциялар аркылуу аныктоочу ыкма;
- ***жалпы компетенция (ЖК)*** – жалпы ишмердүүлүктөгү практикалык тажрыйба, билим жана көндүмдөрдүн негизинде ийгиликтүү иштей билүү жөндөмдүүлүгү;
- ***кесиптик компетенция (КК)*** – кесиптик ишмердүүлүккө тиешелүү максаттар боюнча ийгиликтүү иштей билүү жөндөмдүүлүгү;
- ***окуу натыйжалары*** – НББП /модуль боюнча өздөштүрүлгөн компетенциялар.

### 1.3.2. Кыскартмалар

- **МББС** – мамлекеттик билим берүү стандарты
- **ОКББ** – орто кесиптик билим берүү
- **ОКББ МББС** – орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты
- **НББП** – негизги кесиптик билим берүү программасы
- **НББП ДЦ**– негизги кесиптик билим берүү программасынын дисциплина цикли
- **ЖК** – жалпы компетенциялар
- **КК** – кесиптик компетенциялар
- **КД** – кесиптик дисциплина
- **ОУК** – окуу-усулдук комплекс
- **КМ** – кесиптик модуль
- **ДАК** – дисциплинар аралык курс
- **ДЦ** – дисциплина цикли

## II. Орто кесиптик билим берүү программасын колдонуу чөйрөсү

**2.1. НББПын негизги колдонуучулары болуп эсептелинет:**

- орто кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууга укуктуу билим берүү уюмдарынын администрациясы жана окутуучулук курамы;
- ушул адистик боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүдө өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- кесиптик ишмердиктин тиешелүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык кеңештер;
- орто кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылган аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;
- аткаруу бийлигинин орто кесиптик билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу, орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндө аттестациялоону, аккредитациялоону жана сапатын контролдоону жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары.

**2.2. Негизги жалпы же орто жалпы билим берүүнүн базасында кесиптик орто адистин НББПны өздөштүрүү үчүн зарыл болгон даярдык деңгээлине талаптар:**

040101 – "Социалдык кызматкер" квалификациясын ыйгаруу менен орто кесиптик билим берүүгө тапшырган абитуриенттин билим деңгээли - орто жалпы билим берүү, негизги жалпы билим берүү жана кесиптик башталгыч билим берүү.

**2.2.1. Абитуриент төмөнкүлөргө ээ болушу керек:**

Абитуриент кабыл алууда документтердин бири болууга тийиш:

- орто жалпы билим тууралуу аттестат;
- негизги жалпы билим тууралуу күбөлүк;
- паспорт жана/же туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- 3*4 өлчөмдө 8 сүрөт.

## III. НББП боюнча жалпы мүнөздөмө

**3.1. Билим берүү программасынын концепциясы**

**Орто кесиптик билим берүүнүн НББПсынын максаты (миссиясы)**

040101 – "Социалдык иш" адистиги боюнча даярдоонун ОКББ НКББПнын максаты окутуу жаатында гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый илимий билимдердин негиздери жаатында даярдоо, бүтүрүүчүгө иштин тандап алган чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү орто кесиптик билим алуу, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногундагы туруктуулугуна көмөк көрсөтүүчү универсалдуу жана кесиптик компетенцияларга ээ болуу болуп саналат.

040101 – “Социалдык иш” адистиги боюнча ОКББ НББПнын максаты — студенттерде ушул адистик боюнча ОКББ МББСнын талаптарына ылайык универсалдуу (жалпы илимий) жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу болуп саналат. Программа студенттердин максат коюу жөндөмүн, уюшкандыкты, жоопкерчиликти, жарандык позицияны, баарлашуу жөндөмүн,

сабырдуулукту (толеранттуулукту) жана башка жеке сапаттарды өнүктүрүүгө, алардын жалпы маданиятын жогорулатууга, ошондой эле үзгүлтүксүз билим алуу жана өз алдынча билим алуу алкагында кесиптик өзүн-өзү ишке ашырууга жана өнүктүрүүгө умтулуусун күчөтүүгө багытталган.\

**I. Жалпы гуманитардык цикл**
**Максаты:**
**Милдеттери:**

**II. Математикалык жана табигый цикл**
**Максаты:**
**Милдеттери:**

**III. Кесиптик цикл**
**Максаты:**
**Милдеттери:**

**040101 – "Социалдык иш" адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жана тарбиялоо жаатындагы максаттары.**

Окутуу жаатында **040101 – "Социалдык иш"** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- **Кесиптик билим алуу**

Студенттерге социалдык иштин теориялык жана практикалык негиздерин үйрөтүү, социалдык кызмат көрсөтүүнүн принциптерин, ыкмаларын жана стандарттарын түшүндүрүү.

- **Социалдык компетенттүүлүктү калыптандыруу**

Студенттерде социалдык көйгөйлөрдү аныктоо, талдоо жана чечүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү, социалдык кызмат көрсөтүүнү уюштурууда жана башкарууда кесиптик компетенцияларды калыптандыруу.

- **Эмпатия жана адамдык баалуулуктарды өнүктүрүү**

Адамдык, моралдык жана этикалык баалуулуктарды түшүнүү, социалдык кызмат көрсөтүүдө эмпатиялык мамиле жана адам укуктарын сыйлоо көндүмдөрүн өнүктүрүү.

- **Практикалык көндүмдөрдү жана тажрыйбаны алуу**

Студенттерди социалдык иштин практикалык чөйрөсүндө ишке даярдоо, стажировкалар, практикалык тапшырмалар жана академиялык мобилдүүлүк аркылуу тажрыйба топтоо.

- **Инновация жана илимий ой жүгүртүүнү өнүктүрүү**

Студенттерге социалдык иште инновациялык ыкмаларды колдонууга үйрөтүү, аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүүнү калыптандыруу, изилдөө жана долбоорлоо жөндөмдөрүн өнүктүрүү.

**ОКББ НББПнын милдеттери:**

- коомдун жана өлкөнүн илимий-экономикалык квалификациялуу кадрларга болгон муктаждыгын канааттандыруу, илимге таянып, университет илиминин мыкты салттарын сактоо, Кыргызстандагы жана дүйнөдөгү алдыңкы колледждер, университеттер жана илимий мекемелер менен тыгыз кызматташуу;
- 040101 – "Социалдык иш " адистиги боюнча атаандаштыкка жөндөмдүү орто кесиптик адистерди даярдоо;

- окуу формаларын жана методдорун өркүндөтүү, инновациялык технологияларды киргизүү аркылуу дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо, окуу пландарын жана билим берүү программаларын эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү;
- орто кесиптик адистерди даярдоо сапатын туруктуу жакшыртуу, заманбап уюм, экономикалык илим талаптарын эске алуу менен 040101 “Социалдык иш” багытында адистерин даярдоо.

### 3.2. Күтүлүүчү окуу натыйжалары

НББПнын окуу натыйжалары студенттерде окуу планындагы бардык циклдердин жана бөлүмдөрдүн дисциплиналарын, анын ичинде практикалык ишти жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясын өздөштүрүү процессинде калыптанат.

**Бүтүрүүчү төмөнкүлөргө жөндөмдүү болушу керек:**

**а) *жалпы компетенцияларга* (ЖК):**

**ОН-1**. Орус жана кыргыз тилдеринде оозеки жана жазма сабаттуу сүйлөө жөндөмүнө ээ болуу; коомдо кабыл алынган сүйлөө этикетин сактоо, алынган билимин кесиптик милдеттерди аткарууда жана көйгөйлөрдү чечүүдө колдонуу. “Манас” эпосунун идеяларын практикалык жашоо-тажрыйбасында пайдалануу жөндөмүнө ээ болуу. Чет тилде ишкердик коммуникация түзүү, туура жана так жазуу менен оозеки сөздү калыптандыруу көндүмдөрүнө ээ болуу.

**ОН-2.** Кыргызстандын тарыхый фактыларын жана окуяларын, өлкөнүн тарыхый өнүгүү этаптарын, суверендүү Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык, саясий жана маданий өнүгүү багыттарын билүү, ошондой эле, диалектикалык-материалисттик ой жүгүртүү жөндөмүнө ээ болуу, философиянын негизги категорияларын, түшүнүктөрүн жана мыйзамченемдүүлүктөрүн өздөштүрүү; илимий, философиялык жана диний дүйнөтаанымдын негиздерин билүү, ошондой эле тарыхый-философиялык билимди кесиптик ишмердүүлүктө колдонуу ыкмаларын өздөштүрүү.

**ОН–3.** Жөнөкөй дифференциалдык жана интегралдык теңдемелерди чечүү көндүмдөрүнө ээ болуу, матрицалар менен элементардык операцияларды жүргүзө билүү, персоналдык компьютерде иштөө, тексттик документтер жана электрондук таблицалар менен иштөө, маалымат базаларын түзүү жана Интернет тармагын колдонуу жөндөмдөрүнө ээ болуу.

**ОН–4.** Кыргызстандын дүйнөлүк картадагы географиялык жайгашуусун, чек араларын, коңшу өлкөлөрүн, өлкөнүн аймактык-административдик бөлүштүрүлүшүн билүү, табигый шарттардын калктын жашоосуна, тиричилигине жана чарбасына тийгизген таасири жөнүндө билүү; табигый-чарбалык зоналарда рационалдуу жаратылыш ресурстарын пайдалануу жолдорун, биосферанын мыйзамдары менен адамзат цивилизациясынын шайкештигин түшүнүү; айлана-чөйрөнүн абалы үчүн жоопкерчилик сезимине ээ болуу жана аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен экологиялык маданиятты калыптандыруу, саламат жашоо образын сактоо.

**ОН–5.** Өз ишмердүүлүгүн уюштуруу, кесиптик милдеттерди аткарууда тиешелүү ыкмаларды жана жолдорду тандоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо. Туура чечим кабыл алуу, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарда маселелерди чечүү, демилгелүүлүк жана жоопкерчилик көрсөтүү.

**ОН–6.** Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, ошондой эле кесиптик жана жеке өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматты издөө, интерпретациялоо жана пайдалануу жөндөмүнө ээ болуу. Кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды натыйжалуу колдонуу.

**ОН–7.** Командада иштей билүү, кесиптештер, жетекчилик жана кардарлар менен эффективдүү баарлаша билүү, команданын мүчөлөрунун (баш ийгендердин) иши жана алардын иш боюнча даярдыгы, иштин натыйжасы үчүн жоопкерчиликти өздөрүнө алуу, өзүңүздүн жеке жана профессионалдык өнүгүүңүздү башкарыңыз, эмгек шарттарынын өзгөрүшүнө жана кесиптик ишмердүүлүктөгү технологияларга ыңгайлашыңыз, чакан командалар менен уюштуруучулук жана башкаруучулук ишке даяр болуу, кесиптик жана инсандык өнүгүүнүн милдеттерин өз алдынча аныктоо, өз алдынча билим алуу менен алектенүү, кесиптик өнүгүүнү аң-сезимдүү пландаштыруу.

**б) *кесиптик компетенцияларга* (КК):**

**Уюштуруу-башкаруучулук ишмердүүлүк:**

**ОН–8.** Коомдо социалдык жактан аялуу жарандарды жана жарандардын топторун аныктоо, социалдык тейлөө маселелери боюнча жарандарды (социалдык жактан корголбогон үй-бүлөлөрдү, коркунуч тобундагы балдарды жана башка оор жашоо кырдаалына туш болгон адамдарды) алгачкы кабыл алууну уюштуруу жана жүргүзүү, алардын көйгөйлөрүн чечүүгө көмөктөшүү; зарыл болгон жардамдын мүнөзүн жана көлөмүн аныктоо; кардарлардын жашоо-турмушунда пайда болгон кыйынчылыктардын жана конфликттик жагдайлардын себептерин аныктоого көмөктөшүү.

**Социалдык кызмат көрсөтүүлөр:**

**ОН–9.** Балдардын жаш курагын, саламаттык абалын жана оорунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен рационалдуу тамактанууну уюштурууга катышуу; керектүү төшөк жабдыктарын камсыз кылууга, төшөк жапкычтарын убагында алмаштырууга көмөктөшүү; кийим-кече, бут кийим, ички кийимдер жана жеке гигиена каражаттары, ошондой эле парикмахердик кызматтарды көрсөтүүдө жардам көрсөтүү; тиричилик тейлөө иштерин камсыз кылуу (ички кийимдерди, кийим-кесектерди жана төшөк жабдыктарын жуу, кургатуу, үтүктөө жана дезинфекциялоо).

**ОН-10.** Жеке адамдарга жана үй-бүлөлөргө жеке жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүдө жардам көрсөтүүгө көмөктөшүү жөндөмүнө ээ болуу; балдарды социалдык пайдалуу ишмердикке тартуу жана тарбиялык маектешүүлөрдү өткөрүү аркылуу алар менен тарбиялык иштерди жүргүзүү, кардардын позитивдүү ой жүгүртүүсүн калыптандырууга жана активдүү жашоо образын колдоого багытталган иш-чараларды уюштурууга катышуу; психологдон консультация алуу жана психологдук жардамды уюштурууга көмөктөшүү; медициналык персоналды үйгө чакырууда жана биринчи медициналык жардам көрсөтүүдө жардам бере билүү.

**Профилактикалык ишмердүүлүк:**

**ОН-11.** Жамааттарда, үй-бүлөлөрдө жана башка топтордо агартуучулук жана окутуучулук иштерин жүргүзүү; кардарларга жеткиликтүү кызматтар жана колдоо көрсөтүү иш-чаралары тууралуу маалымат берүү; маданий иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө көмөктөшүү.

| **Билим берүү программасынын максаты** | **Окутуунун натыйжасы (ОН)** |
|---|---|
| 1. Кесиптик билим алуу максаты: | **ОН-5:** Өз ишмердүүлүгүн уюштуруу, кесиптик милдеттерди |

| | |
|---|---|
| Студенттерди социалдык иштин теориялык жана практикалык негиздери, социалдык кызмат көрсөтүүнүн принциптери жана стандарттары менен тааныштыруу. | аткарууда тиешелүү ыкмаларды жана жолдорду тандоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо. Туура чечим кабыл алуу, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарда маселелерди чечүү, демилгелүүлүк жана жоопкерчилик көрсөтүү.<br>**ОН-6:** Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, маалыматты издөө, интерпретациялоо жана колдонуу; маалыматтык-коммуникациялык технологияларды натыйжалуу колдонуу. |
| 2. Социалдык компетенттүүлүктү калыптандыруу максаты: Социалдык көйгөйлөрдү аныктоо, талдоо жана чечүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү; социалдык кызмат көрсөтүүнү уюштуруу жана башкаруу компетенцияларын калыптандыруу. | **ОН-8** Социалдык жактан аялуу жарандарды жана алардын топторун аныктоо, социалдык тейлөө маселелери боюнча алгачкы кабыл алууну уюштуруу жана жүргүзүү, зарыл жардамдын мүнөзү жана көлөмүн аныктоо; кардарлардын көйгөйлөрүн жана конфликттеринин себептерин аныктоого көмөктөшүү. |
| 3. Эмпатия жана адамдык баалуулуктарды өнүктүрүү максаты: Адамдык, моралдык жана этикалык баалуулуктарды түшүнүү, эмпатиялык мамиле жана адам укуктарын сыйлоо көндүмдөрүн калыптандыруу. | **ОН-10** Жеке адамдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык көйгөйлөрдү чечүүдө жардам көрсөтүү; балдарды социалдык пайдалуу ишмердикке тартуу, тарбиялык маектешүүлөрдү өткөрүү, психологдук жана медициналык жардамга көмөктөшүү; кардардын активдүү жашоо образын колдоого багытталган иш-чараларды уюштуруу. |
| 4. Практикалык көндүмдөрдү жана тажрыйбаны алуу максаты: Студенттерди практикалык социалдык ишке даярдоо, стажировкалар, практикалык тапшырмалар жана академиялык мобилдүүлүк аркылуу тажрыйба топтоо. | **ОН-9.** Балдардын жаш курагын, саламаттык абалын жана оорунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен рационалдуу тамактанууну уюштуруу; керектүү төшөк жабдыктарын, кийим-кече жана гигиена каражаттарын камсыз кылууга жардам берүү; тиричилик тейлөө иштерин камсыз кылуу (жууп, кургатуу, үтүктөө, дезинфекциялоо). |
| 5. Инновация жана илимий ой жүгүртүүнү өнүктүрүү максаты: Социалдык иште инновациялык ыкмаларды колдонууга үйрөтүү, аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүүнү калыптандыруу, изилдөө жана долбоорлоо жөндөмдөрүн өнүктүрүү. | **ОН-7.** Командада иштей билүү, кесиптештер, жетекчилик жана кардарлар менен эффективдүү баарлаша билүү; команданын иши жана анын натыйжасы үчүн жоопкерчилик алуу; жеке жана профессионалдык өнүгүүнү пландаштыруу; чакан командалар менен уюштуруучулук жана башкаруучулук ишке даяр болуу, өз алдынча билим алуу жана кесиптик өнүгүүнү аң-сезимдүү пландаштыруу.<br>**ОН-11.** Жамааттарда, үй-бүлөлөрдө жана башка топтордо агартуучулук жана окутуучулук иштерин жүргүзүү; кардарларга жеткиликтүү кызматтар жана колдоо көрсөтүү тууралуу маалымат берүү; маданий иш-чараларды уюштурууга көмөктөшүү. |

**3.3. НББП өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү**

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги профессионалдык окуу программасын 040101 – “Социалдык иш” адистиги боюнча өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү жалпы орто билимдин базасында окуган учурларда кеминде 1 жыл 10 айды, негизги жалпы билимдин базасында окуган учурларда 2 жыл 10 айды түзөт. Эгерде бул профессионалдык билим берүү программасы негизги

жалпы билимдин базасында ишке ашырылса, анда аны өздөштүрүүнүн белгиленген нормативдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

Окуунун күндүзгү формасында негизги профессионалдык билим берүү программасын өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү:

жалпы (толук) орто билимдин базасында — 1 жыл 10 ай;

негизги жалпы билимдин базасында — 2 жыл 10 ай.

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик окуу программасын күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окуунун ар кандай формаларын айкалыштыруу жана дистанциялык билим берүү технологияларын колдонуу учурларында өздөштүрүү мөөнөттөрү, орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окуу формасы үчүн белгиленген нормативдик мөөнөткө салыштырмалуу 6 айга узартылат.

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик окуу программасын өздөштүрүүнүн башка нормативдик мөөнөттөрү өзүнчө нормативдик укуктук акт менен бекитилет.

**3.4. Адистерди даярдоого багытталган НББП өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу** кеминде 120 кредитти (өтүмдүк бирдикти) түзөт. Орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын күндүзгү окуу формасы боюнча жалпы эмгек сыйымдуулугу ошондой эле кеминде 120 кредитти (өтүмдүк бирдикти) түзөт. Окуу процессинин эки семестрдик уюштурулушу шартында бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу кеминде 30 кредитти (өтүмдүк бирдикти) түзөт.

Бир кредит (зачеттик бирдик) студенттин 30 сааттык окуу иштерине барабар, ага аудиториялык, өз алдынча иш жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет.

Негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формаларында, ошондой эле аралаш окутуу формаларын жана дистанттык билим берүү технологияларын колдонуу шартында бир окуу жылы үчүн кеминде 45 кредитти (өтүмдүк бирдикти) түзөт.

**3.5. НББПнын бүтүрүүчүсүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү**

**3.5.1. 040101 – “Социалдык иш”** адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин чөйрөсү болуп социалдык коргоо жана социалдык тейлөө системасы (турмуштук оор кырдаалдарды (ТОК) аныктоо; социалдык кызматтарды көрсөтүү; кейс-менеджментти жүргүзүү; алдын алуу ишмердүүлүгү).

**3.5.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери**

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери — социалдык колдоого, жардамга, коргоого жана социалдык тейлөөгө муктаж болгон жеке адамдар, үй-бүлөлөр жана ар кандай калк топтору (“Кыргыз Республикасында калкты социалдык тейлөө негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренеси. Социалдык тейлөөнүн объектилери), атап айтканда:

- жеке адамдар, үй-бүлөлөр, карылар, коркунуч тобундагы адамдар, үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан жабыркагандар;

- Турмуштук оор кырдаалдагы ар кандай калк топтору.

Жогорудагы объектилер (кардарлар) менен кесиптик ишмердүүлүк алардын жайгашкан жерине карабастан үйүндө же ар кандай менчиктеги социалдык тейлөө мекемелеринде жүргүзүлөт.

**3.5.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү**

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Уюштуруу-башкаруучулук ишмердүүлүк;
- Социалдык кызмат көрсөтүүлөр;
- Алдын алуу ишмердүүлүгү.

**3.5.4. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери**

Бүтүрүүчү кесиптик ишмердүүлүктүн түрүнө ылайык төмөнкү кесиптик милдеттерди аткарууга тийиш:

**Уюштуруу-башкаруучулук ишмердүүлүк**

- Социалдык кызматтарга муктаж жарандарды аныктоого катышуу;
- Жарандардын муктаждыктарын баалоого катышуу;
- Мониторинг жүргүзүүгө катышуу;
- Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү.

**Социалдык кызматтар**

- Социалдык-тиричилик кызматтарын көрсөтүү;
- Социалдык-медициналык кызматтарды көрсөтүү;
- Социалдык-психологиялык кызматтарды көрсөтүү;
- Социалдык-укуктук жана социалдык-экономикалык кызматтарды көрсөтүү.

**Алдын алуу ишмердүүлүгү**

- Маалыматтык жана агартуу ишмердүүлүгүн өткөрүүгө катышуу.

**3.6. ОКББ НББП өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчүнүн калыптануучу компетенциялары**

**040101 – "Социалдык иш"** адистигинин бүтүрүүчүсү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана 040101 – "Социалдык иш" адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11- жана 16-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болууга тийиш:

***а) жалпы компетенцияларга* (ЖК)**

**ЖК-1.** Өз ишмердүүлүгүн уюштуруу, кесиптик милдеттерди аткарууда тиешелүү ыкмаларды жана жолдорду тандоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо;

**ЖК-2.** Туура чечим кабыл алуу, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарда маселелерди чечүү, демилгелүүлүк жана жоопкерчилик көрсөтүү;

**ЖК-3.** Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, ошондой эле кесиптик жана жеке өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматты издөө, интерпретациялоо жана пайдалануу жөндөмүнө ээ болуу;

**ЖК-4.** Кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды натыйжалуу колдонуу;

**ЖК-5** Командада иштей билүү, кесиптештери, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу мамиле түзө алуу;

**ЖК-6.** Команданын мүчөлөрүнүн (карамагындагы) иши жана аларды иш ордунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу;

**ЖК-7.** Өздүк жеке жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу;

**ЖК-8.** Чакан жамааттарды уюштуруу-башкаруу ишине даяр болуу;

**ЖК-9.** Кесиптик жана инсандык өнүгүүнүн милдеттерин өз алдынча аныктоо, билимин өз алдынча өркүндөтүү, квалификациясын жогорулатууну атайын пландаштыруу.

**ЖК-10.** Коомдо кабыл алынган моралдык жана укуктук нормалардын негизинде социалдык өз ара аракеттене алуу, адамдарга урмат көрсөтүү, башка маданиятка толеранттуу мамиле кылуу жана өнөктөш мамилелерди колдоого даяр болуу.

**Жалпы кесиптик компетенциялар, индикаторлор жана баалоо формалары**

| **№** | **Жалпы кесиптик компетенция (АКБ)** | **Жетишүү индикаторлору** | **Баалоо формалары жана методдору** |
|---|---|---|---|
| ЖКК-1 | Коммуникативдик компетенттүүлүк | - Оозеки жана жазуу жүзүндө ойлорду сабаттуу баяндайт;<br>- Маектешти угуп жана түшүнө алат;<br>- Кесиптик лексиканы колдонот;<br>- Баарлашуу стилин кырдаалга ылайыкташтырат. | Тестирлөө, оозеки сурамжылоо, Бизнес оюндар, жазуу иштерин талдоо, долбоорлорду коргоо, окутуучу байкоо. |
| ЖКК-2 | Командалык иш | - Командада натыйжалуу кызматташат;<br>- Жоопкерчиликти жана демилгени кабыл алат;<br>- Башкалардын пикирин сыйлайт;<br>- Жалпы жыйынтыкка салым кошот. | Топтун ишине байкоо жүргүзүү, өзүн-өзү баалоо, мугалимдин жана кесиптештеринин баалоо, топтук тапшырма, бизнес оюндар. |
| ЖКК-3 | Кесиптик этика | - Жүрүм-турум жана тартип ченемдерин сактайт;<br>- Чынчылдыкты жана сый-урматты көрсөтөт;<br>- Этикалык принциптерди эске алуу менен чечимдерди кабыл алат;<br>- Жеке жоопкерчиликти түшүнөт. | Кырдаалдык тапшырмалар (кейстер), байкоо жүргүзүү, анкеталоо, кесиптик кырдаалдардагы жүрүм-турумга эксперттик баа берүү. |
| ЖКК-4 | Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ)колдонуу | - Кеңсе жана адистештирилген программаларга ээ болуу;<br>- Интернеттен маалымат издөө жана иштеп чыгуу;<br>- Кибер коопсуздук эрежелерин сактоо;<br>- МКТны кесиптик милдеттер үчүн колдонуу. | Компьютерде практикалык тапшырмалар, тесттер, долбоорлорду коргоо, МКТны колдонуу менен жеке тапшырмаларды аткаруу. |
| ЖКК-5 | Өзүн-өзү тарбиялоо жана | - Кесиптик өсүүгө умтулууну көрсөтөт; | Портфолио, өзүн-өзү баалоо, өз алдынча иштөө |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | өнүктүрүү | - Жаңы билимдерди өз алдынча издейт жана өздөштүрөт;<br>- Өзүнүн жетишкендиктерин талдайт;<br>- Өнүгүү багыттарын аныктайт. | отчеттору, конференцияларга, курстук жана изилдөө долбоорлоруна катышуу. |
| ЖКК-6 | Кесиптик көйгөйлөрдү чечүү | - Кесиптик кырдаалды талдайт;<br>- Чечүү жолдорун табат;<br>- Негиздүү чечимдерди кабыл алат;<br>- Натыйжаларды баалайт жана тууралайт. | Кырдаалдык маселелерди чечүү, кейс-метод, тестирлөө, долбоордук иш, аңгемелешүү, эксперттик баалоо. |

***б) кесиптик кампетенцияларга* (КК)**

**Уюштуруу-башкаруучулук ишмердүүлүк:**

**КК-1.** Коомдо социалдык жактан аялуу жарандарды жана жарандардын топторун аныктоо, социалдык тейлөө маселелери боюнча жарандарды (социалдык жактан корголбогон үй-бүлөлөрдү, коркунуч тобундагы балдарды жана башка оор жашоо кырдаалына туш болгон адамдарды) алгачкы кабыл алууну уюштуруу жана жүргүзүү, алардын көйгөйлөрүн чечүүгө көмөктөшүү;

**КК-2.** Зарыл болгон жардамдын мүнөзүн жана көлөмүн аныктоо; кардарлардын жашоо-турмушунда пайда болгон кыйынчылыктардын жана конфликттик жагдайлардын себептерин аныктоого көмөктөшүү;

**КК-3.** Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү пландаштыруу, уюштуруу жана аларды түздөн-түз көрсөтүүгө катышуу;

**КК-4.** Көрсөтүлгөн кызматтардын натыйжаларын мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого көмөктөшүү, анын ичинде персоналдык камкордукту мониторингдөө; социалдык кызматтын кардарларынын өз алдынча чечим кабыл алуу жөндөмүн жана көз карандысыздыгын өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

**Социалдык кызмат көрсөтүүлөр:**

**КК-5.** Балдардын жаш курагын, саламаттык абалын жана оорунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен рационалдуу тамактанууну уюштурууга катышуу;

**КК-6.** Керектүү төшөк жабдыктарын камсыз кылууга, төшөк жапкычтарын убагында алмаштырууга көмөктөшүү; кийим-кече, бут кийим, ички кийимдер жана жеке гигиена каражаттары, ошондой эле парикмахердик кызматтарды көрсөтүүдө жардам көрсөтүү; тиричилик тейлөө иштерин камсыз кылуу (ички кийимдерди, кийим-кесектерди жана төшөк жабдыктарын жуу, кургатуу, үтүктөө жана дезинфекциялоо);

**КК-7.** Кардардын каражаттарынын эсебинен азык-түлүк сатып алууга жана үйүнө жеткирүүгө көмөктөшүү, анын ичинде ысык тамактарды жеткирүү; кардардын азык-түлүктөрүнөн тамак даярдоого, ошондой эле азык-түлүк жана өндүрүш товары, дары-дармек сатып алып жеткирүүгө жардам көрсөтүү; үй буюмдарын жана жеке буюмдарды кир жууган жайларга, химиялык тазалоого, оңдоп-түзөөгө тапшырууда жана кайра жеткирүүдө көмөк көрсөтүү; коммуналдык төлөмдөрдү жүргүзүүгө жардам берүү; туугандар жана жакындар менен кат алышуу боюнча өтүнүчтөрдү аткаруу;

**КК-8.** Турак-жайда майда оңдоо иштерин жүргүзүүдө, жашоо жайын тазалоодо (пол жуу, терезе тазалоо, короо шыпыруу) жардам көрсөтүүгө көмөктөшүү; кышкы мезгилде күйүүчү отун менен камсыз кылууга, үйдү жылытууда (меш жагуу) көмөк көрсөтүү;

**КК-9.** Кардар каза болгон учурда, атайын ритуалдык кызматтарды уюштурууга көмөктөшүү.

**КК-10.** Жеке адамдарга жана үй-бүлөлөргө жеке жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүдө жардам көрсөтүүгө көмөктөшүү жөндөмүнө ээ болуу; балдарды социалдык пайдалуу ишмердикке тартуу жана тарбиялык маектешүүлөрдү өткөрүү аркылуу алар менен тарбиялык иштерди жүргүзүү, кардардын позитивдүү ой жүгүртүүсүн калыптандырууга жана активдүү жашоо образын колдоого багытталган иш-чараларды уюштурууга катышуу; психологдон консультация алуу жана психологдук жардамды уюштурууга көмөктөшүү;

**КК-11.** Медициналык персоналды үйгө чакырууда жана биринчи медициналык жардам көрсөтүүдө жардам бере билүү; кардардын медициналык жардам алуусуна көмөктөшүү (дарылоо мекемесине коштоо, дарыгер менен өз ара аракеттенүү); биологиялык материалдарды поликлиника лабораториясына жеткирүү кызматын көрсөтүү;

**КК-12.** Дарыгердин көрсөтмөлөрүнө ылайык медициналык процедураларды аткарууга көмөктөшүү көндүмдөрүнө ээ болуу (дары-дармектерди, угуу аппараттарын, көз айнектерди, протездик буюмдарды жана башка керектүү медициналык каражаттарды убагында алуу жана жеткирүү, белгиленген процедураларды уюштуруу);

**КК-13.** Турмуштук оор кырдаалда калган балдарды социалдык коштоо процессинде көмөк көрсөтүү;

**КК-14.** Пенсиялык, социалдык камсыздоо, социалдык кызматтар, жөлөкпулдар, компенсациялар жана башка социалдык төлөмдөрдү алуу үчүн зарыл болгон документтерди даярдоого жардам берүү; мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды алуу үчүн документтерди тапшыруу, анын ичинде электрондук байланыш каражаттары жана интернет-ресурстар аркылуу документ жиберүүгө көмөктөшүү; арыз-даттанууларды даярдоого жана тапшырууга жардам көрсөтүү.

**Профилактикалык ишмердүүлүк:**

**КК-15.** Жамааттарда, үй-бүлөлөрдө жана башка топтордо агартуучулук жана окутуучулук иштерин жүргүзүү;

**КК-16.** Кардарларга жеткиликтүү кызматтар жана колдоо көрсөтүү иш-чаралары тууралуу маалымат берүү; маданий иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө көмөктөшүү.

**НББП структурасына талаптар:**

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик программасы төмөнкү окуу циклдерин үйрөнүүнү караштырат:

1) жалпы гуманитардык цикл;
2) математикалык жана табигый илимдер цикли;
3) кесиптик цикл;

жана төмөнкү бөлүмдөрдү:

4) практика;
5) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация;
6) дене тарбия.

Ар бир дисциплиналар цикли базалык (милдеттүү) жана вариативдик бөлүктөрдөн турат. Вариативдик бөлүк базалык бөлүктүн мазмунунда каралган билимдерди, көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү кеңейтүүгө же тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Вариативдик бөлүк тиешелүү орто

кесиптик билим берүү мекемеси тарабынан ишке ашырылып жаткан кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша аныкталат.

Жогоруда көрсөтүлгөн компетенциялардын негизинде “Социалдык иш” адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын компетенциялар матрицасы түзүлгөн. Компетенциялар матрицасы билим берүү программасынын мазмуну менен пландалган компетенттик натыйжалардын ортосундагы структуралык-логикалык байланыштарды чагылдырган документ болуп саналат (Тиркеме № 4).

## IV. НББП ишке ашыруу шарттарына коюлган талаптар

### 4.1. НББП ишке ашырууда ЖАМУнун алдындагы Экономика жана укук колледжинин укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар

Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары 040101 – “Социалдык иш” адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы тиешелүү адистик боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде, эмгек рыногунун муктаждыктарын эске алуу менен даярдалат.

Орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги профессионалдык билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, техника жана технологиянын, социалдык чөйрөнүн өнүгүшүнө ылайык жыл сайын жаңыртып турууга милдеттүү. Бул процесс билим берүүнүн сапатын камсыздоого коюлган төмөнкү талаптарды сактоо менен жүргүзүлөт:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо стратегиясын иштеп чыгуу;
- билим берүү программаларын мониторингден өткөрүү жана мезгил-мезгили менен рецензиялоо;
- студенттердин билим деңгээлин жана жөндөмдөрүн, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын баалоо үчүн так жана макулдашылган критерийлердин негизинде объективдүү баалоо процедураларын иштеп чыгуу;
- окутуучулардын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;
- билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, алардын натыйжалуу пайдаланылышын контролдоо, анын ичинде студенттердин сурамжылоосу аркылуу;
- өз ишмердүүлүгүн (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү мекемелеринин көрсөткүчтөрү менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча үзгүлтүксүз өзүнө-өзү текшерүү жүргүзүү;
- өз ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары, пландары жана инновациялары жөнүндө коомчулукка маалымат берүү.

Адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу ар бир студенттин программадагы бардык дисциплиналардын толук тизмеги боюнча түзүлгөн маалымат базаларына жана китепкана фонддоруна жеткиликтүүлүгүн камсыздоого тийиш. Орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу программасы түзүлүп жаткан компетенцияларды эске алуу менен лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды камтышы керек.

Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгынын сапатын баалоо алардын учурдагы, аралык жана жыйынтык мамлекеттик аттестациясын киргизүүгө тийиш.

Студенттердин учурдагы аттестациясы окуу семестринин жүрүшүндө орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан (педагогикалык кеңеш тарабынан бекитилген) модулдук-рейтингелик баалоо системасынын негизинде жүргүзүлөт.

Студенттердин аралык аттестациясы ар бир семестрдин аягында өткөрүлөт жана семестр ичинде жүргүзүлгөн учурдагы аттестациясынын жыйынтыгы боюнча бардык дисциплиналар боюнча экзамендик баалар коюлат.

Студенттердин учурдагы жана аралык аттестациясын, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтык аттестациясын жүргүзүүдө алардын жеке жетишкендиктеринин тиешелүү негизги профессионалдык билим берүү программасында белгиленген этаптык же акыркы талаптарга шайкештигин баалоо үчүн баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Бул базалар билим, жөндөм жана калыптандырылган компетенциялардын деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берген типтүү тапшырмаларды, көзөмөл иштерин, модулдук тесттерди камтыйт. Баалоо каражаттарынын базалары орто кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгып, бекитилет.

**4.2. НББП ишке ашырууда студенттин укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар**

